## №3 Бейше Урстомбеков атындагы жалпы билим беруучу орто мектебинде класс жетекчилер жана ата-энелер менен биргеликте откорулгон чогулуштун

## №2 ПРОТОКОЛУ

**15.11.2021** **Арал айылы**

*Чогулуш башчысы: А.С.Молдалиев*
*Чогулуш катчысы: Ж.Нурманбетова*

*Чогулушка катышканы - 24 (Класс жетекчилер)*

*Кун тартибиндеги каралуучу маселе:*

*1. 1-чейректин жыйынтыгын чыгаруу, 2-чейректе аткарыла турган иштердин планын тузуу.*
*2. Жаш оспурумдор арасында кылмыштуулукту болтурбоо, жана орт, жол коопсуздугун алдын алуу.*

**УГУЛДУ:**

*Кун тартибиндеги маселе боюнча тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары: Каныбек к Айпери - Бугунку кундо балдарга карата зордук-зомбулукту алдын алуу жана кылмыштуулукту, жол кырсыгын алдын алуу боюнча жана бул ишти аткаруу максатында райондук денгээлде комиссия тузулуп , учурда дыкат иштер жургузулуп жатат. Азыркы учурда мыйзамда озгоруулор болуп, саат $8^{00}$дон кийин окуучу балдар кочодон кармала турган болсо коп суммадагы айыппул салынат . Ошондуктан балдарды кечкисин кочого чыгаруудан алыс болунуздар. Кылмыш, уруулук, бангилик бекерчиликтен келип чыгат.*

*Андыктан балдарыныздардын тартибин ондоп, оз журум-турумдарын козомолго алып, берилген тапшырманы аткарууга, окуу менен гана болууга турткy бериниздер! Ал эми урматтуу класс жетекчилер ата-энелер менен болгон чогулушту оз убагы менен откоруп, тушундуруу иштерин жургузуп, ар бир ата-энеге балдардын мектептен сырткаркы мезгилин козомолго алууну жана СИЗ менен камсыз кылууну милдеттендириниздер!*

**Чыгып суйлогондор:**

*Ж.Байбекова: (11-класстын класс жетекчиси)- Азыркы учурда жаш оспурумдордун коопсуздугу биринчи орунда турат. Ошондуктан бугунку кундо ата-энелер менен биргеликте бул иштерди алдын алуу иштерин жургузсок жакшы болот. Ар бир класс жетекчилер ата-энелер менен жаш оспурумдор арасындагы санитардык талаптардын аткарылышын, кылмыштуулукту, жол коопсуздугун алдын алуу*

максатында ушул сыяктуу, убагы менен чогулуш откоруп турушубуз керек деп ойлойм.

Жогорудагы маселени угуп жана талкуулап чогулуш

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 1-чейректе класс жетекчилеринин аткарган иштери канаттандырарлык деп табылсын.

2. Кылмыштуулукту жана жол коопсуздугун алдын алуу максатында ата-энелер менен убагында чогулуш откоруу жана окуучулардын журум-турумун козомолго алуу класс жетекчилерге тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын козомолго алуу уюштуруучу Каныбек к Айпериге милдеттендирилсин.

Чогулуш башчысы: Каныбек к А

Чогулуш катчысы: Ж. Сатарова

**№3 Бейше Урстомбеков атындагы жалпы билим беруучу орто мектебинин жалпы ата-энелер чогулушунун**

**№1 ПРОТОКОЛУ**

***16.11.2022*** ***Арал айылы***

*Чогулуш башчысы: М.Кожошова*

*Чогулуш катчысы: Мергенбек к Айчүрөк*

*Чогулушка катышканы: 120*

***Күн тартибиндеги каралуучу маселелер:***

1. *2021-2022-окуу жылынын маалыматы*
2. *Мектепке шашке тамагынын берилиши*
3. *Ата-энелер комитетин шайлоо*
4. *Камкорчу кеңешинин составын түзүү*
5. *"Энелер мектеби" боюнча маалымат берүү*

***Угулду:***

***Күн тартибиндеги маселе боюнча мектеп директорунун милдетин аткаруучу М.Кожошова төмөндөгүдөй билдирүү жасады*** - *№3 Бейше Үрстөмбеков атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде жалпы бугүнкү күндө 442/207 окуучу окуп жатат. 178/70 1-4- класстар, 36 окуучу даярдоо класс , 5-9- класстар 172, 10-11- класстар 56 окуучу. Булардын ичинен "эң жакшы" 62, " жакшы" 94 , калган окуучулар аралаш окуган окуучулар .*
*Ал эми жардамга муктаж -10, инвалид окуучулар- 5/2, жарым жетим- 14/4.*
*Ички мигрант-31, тышкы мигрант- 10. Жалпы окуучулардын документтери толук. Билим сапаты I-чейрек менен 50 % ды түзөт.*

*Ал эми мектепте жалпы китеп каначы менен соц педогогду кошкондо 42 мугалим эмгектенип жатат. Кадр толук жетиштүү. Былтыркы окуу жылына кайрыла турган болсок 11-классты 28-окуучу аяктап, 2 окуучу Жалпы Республикалык Тестирлөөдө эң жогорку упай алышты. Алар: Максүтова Азима 208 упай жана Мурзабекова Диана 200 упай алып мектеп эпле эмек район боюнча сыймык алып келди. Биздин мектеп область боюнча конкурска катышып 2-орунду , район боюнча конкурстан 1-орунду камсыз кылды. Себеби: Максүтова Азима "Алтын тамга" артыкчылык аттестатына да район боюнча 13 мектептин ичинен жалгыз ээ болду. Бул да болсо биздин мектептеги жетишкендигибиз, ийгилигибиз, ынтымагыбыз, аракетибиз деп билем. Ал эми ар жыл сайын өтүлүүчү мектептер аралык олимпиада да 5 окуучубуз ийгиликтүү орундар менен кайтышкан.*

*Алар: Бекташова Айжаркын -10 класс*
*Каттобекова Анжела- бүтүп кетти*
*Сталбек к Аида-бүтүп кетти*
*Акылбек к Карлыгач-бүтүп кетти*
*Мурзабекова Диана-бүтүп кетти*

*Быйылкы окуу жылына да ушундай аракеттерди кылып жатабыз. Албетте, бул аракеттер сиздер менен биргеликте болмокчу. Бугүнку күндө бардык 22 класска ата-энелер чогулушу өтүлгөн, атайын 2 тараптуу келишимдерге кол коюлган.*
*Эми сиздерден сураныч эң биринчи кезекте эле балдардын коопсуздугун көзөмөлдөңүздөр, сабактан кечиктирбестен жөнөтүңүздөр. Өзгөчө чоң класстын окуучулары 9-10-11- класстардын ата-энелеринен суранам , мугалимдерге жардамдашып, түнкүсүн себепсиз көчөгө чыгарбай, контролго*

*алып, сабакка убагы менен жөнөтүп, анан формасын да көзөмөлгө алыңыздар. Окуусуна да өзгөчө жардам бериниздер. Жакында олимпиада башталат, балдарды активдүү катыштырыңыздар. Ал эми китеп маселеси боюнча толук камсыздалган, эгерде жетишпеген китеп болсо ата-эне тарабынан толукталп берилүүсү зарыл.*

*Мындан сырткары мектепте жалпы 178 окуучу күнүгө 10 сомдук тамак-аш менен камсыздалат. Ушуга дагы салымыңыздарды кошуп келесиздер. Быйылкы окуу жылында да балдарды тамак-аш менен камсыз кылып бериңиздер.*

*Бүгүнкү күндө балдар жылуу, таза мектепте билим алып жатышат. Кийинки жылга жаңы курулуп жаткан мектебибиз бүтүп, жаңы мектепте окуу пландалууда. Курулуш иштери 80 % аяктады. Жаңы мектепте окуп калабыз деген үмүтүбүз зор.*

***Күн тартибиндеги экинчи маселе боюнча мектептин ашпозчусу Маметова Рыскүл:***
*2022-2023-окуу жылында сентябрь айында 180 бала тамактанса, бүгүнкү күндө 178 бала тамактанууда. Себеби, 2 окуучу ден соолугуна байланыштуу мектепке келе элек.*
*Ал эми 7 окуучуга ар кандай шарттарга байланычтуу жеңилдиктер берилген. Ата-энелер тарабынан 15-сентябрдан баштап кошумча акча чогултулуп шашке тамагы бериле баштады. Сентябрь айында ар бир балага 80 сомдон 13760 сом чогулган. Ал эми октябрь айында ар бир окуучуга 150 сомдон 25500 сом чогулган. Ноябрь айында 120 сомдон 20280 сом чогулат.*
*Бир окуучуга былтыр 6 сом 50 тыйындан болсо быйыл 7 сом 50 тыйындан айланат.Мамлекет тарабынан 1-күнү күрүч каша, калаган 4 күн ысык тамак. Ата-энелер тарабынан чогулган акчага ысык тамака кошумча чечевица шорпосуна эт алынып берилет.*

***Күн тартибиндеги маселе боюнча Каныбек к Айперинин маалыматы:***
*Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер, өспүрүмдөр арасында ар кандай укук бузууну, зордук-зомбулукту болтурбоо үчүн сиздер менен биздин максатабыз бир болгондуктан биргеликте иш алып барып келебиз. Бүгүнкү күндө райондук ички иштер болумүндө каттоодо турган балдарыбыз жок. Бирок ошондой болсо дагы кылмыштуулукту, зордук-зомбулукту алдын алышыбыз керек. Биздин окуучулар укугун жакшы билишет дагы, милдетин так аткарбай. Сабактан кечигип келишет, ушул жагын контролго алсаңыздар.*
*Анан дагы сиздер үчүн жаңы маалымат "Энелер мектеби". Албетте энелер менен бирдикте өткөрүлөт. Жакындале райондо "Энелер мектеби" боюнча семинар өтүп Абазова Айнута эжеке экөөбүз катышып келдик.Буюрса жакынкы арада биздин мектепте да ишке ашырганы турабыз. Ар бир класстын жаш өзгөчөлүгүнө жараша пландар түзүлүп, бекитилип, ар бир класс жетекчи даяр турат.*
*Бул программа Гапыр Мадаминов деген агай түзүп, ишке ашырып, мектептерге жайылып, бүгүнкү күндө бир нече мектептерде " Энелер мектеби" өтүлүп жатат.*
*Биздин райондо да №1.2 мектептерде мындан 1,2 жыл мурун эле өтүлө баштаган. Ал эми бизидн мектеп жакын арада өтүп баштайт. "Энелер мектебине" толук, активдүү катышып бериниздер. Аны менен катар эле окуучулардын формалары боюнча да эскерте кетсем. Мектепке окуучулук форма менен жөнөтүнүздөр. Кызыл-тазыл кийип келүүгө уруксат берилбейт.*

***Чыгып сүйлөгөндөр:***

***Жанарбек кызы Жазгул*** *- Мугалимдерге ыраазычылык билдирем. Биздин балдарыбызга талыкпай терен билим берип жатышат. Сиздердин ишиңиздерге ийгилик каалайм.*

***Кудаш кызы Бубусара***- *Ооба үйдон балдарыбызга жардам корсөтөбүз. Сабактан кечикпей келүүсүн жана таза келүүсүн камсыздап беребиз. Сабактарына да айрым учурларда келип катышып турууга аракет кылабыз.*

*Күн тартибиндеги үчүнчү жана төртүнчү маселе боюнча мектеп директорунун милдетин аткаруучу билдирүү жасап, жалпы ата-энелердин добушу менен төмөндөгүдөй ата-энелер жана камкорчу кеңешинин курамы түзүлдү.*

***2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн ата-энелер комитетинин курамы;***

*Төрайымы: Жусубалиева Дамира*

*Мүчөлөрү: Сулайманов Алтынбек*

*Кудаш кызы Бубусара*

***2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн камкорчу кеңешинин курамы;***

*1.Кулубаева Майрамкүл*

*2.Мамытбекова Астра*

*3.Секеленова Салтанат*

*4.Найманова Перизат*

*5.Ашырьеков Искендер*

*6.Турдубаева Гулназ*

*7.Эшенкулов Майрамбек.*

***Жогорудагы маселени угуп жана талкуулап, жалпы ата-энелер чогулушу***

***ЧЕЧИМ КЫЛАТ:***

1. *2021-2022-окуу жылынын ишмердиги канаттандыраарлык деп табылсын.*
2. *Мектепте шашке тамагынын берилиши улантылсын жана азык-түлүк кымбаттаганына байланычтуу 130 сом дон 150 сомго көтөрүү жагы колго алынсын.*
3. *Жогорудагы аты аталган ата-энелер камкорчу кеңешинин жана ата-энелер комитетинин мүчөлөрү болуп бекитилсин.*
4. *Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө жагы мектептин уюштуруучусу Каныбек кызы Айпериге тапшырылсын.*

*Чогулуш башчысы: М.Кожошова*

*Чогулуш катчысы: Мергенбек к Айчүрөк*

**№3 Бейше Урстомбеков атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин 2017-2018, 2018-2019, 2019-2020,2020-2021, 2021-2022 – окуу жылында жүргүзүлгөн тарбиялык иштердин**

**АНАЛИЗИ**

1. 2017-2018, 2018-2019, 2019-2020, 2020-2021, –2021-2022- окуу жылында тарбиялык иштер боюнча окуучунун билим деңгээлинин сапаттуулугу жана ар тараптан жетишкен инсанды этнопедагогиканын негизде тарбиялоо максатында иштер жүргүзүлдү.

   Бугунку кырдаалды эске алып (аралыктан окутуу) мектептин жалпы коллективине окуучуларга педагогикалык-психологиялык жактан колдоо корсотуу максатында аралыктан класстык саат, тарбиялык саат отууну активдештируу жонго салынды.

   - Мектептин уставына ылайык ишти уюштуруу
   - Өзүнө болгон ишенимдүүлүк, адамдар менен баарлаша билүү , чечим кабыл алуу, алдына максат коюу сыяктуу жеке сапаттарды жакшыртуу.
   - Саламаттыкты сактоо боюнча маанилүү маселелер тууралуу окуучуларга маалымат берүү
   - Мектеп парламентинин ишин жолго салуу
   - Балдардын ден соолугуна кам көрүү максатында лекцияларды, тарбиялык сааттарды уюштуруу
   - Класс жетекчилердин семинарларын, жыйындарды уюштуруу
   - Мектепте парламенттик дежурство уюштуруу
   - Окуучулар жана мектептер арасында маданий-массалык жана спорттук иштерди жүргүзүү
   - Окуу китептеринин, күндөлүктөрүнүн, инвентарлардын сакталышына көзөмөл кылуу
   - Ата–эне, окуучу , мугалим программасынын негизинде ата-эне менен мугалимдин кызматташтыгын күчөтүү максатында « Ачык эшиктер » күнүн өткөрүү
   - Окуучулардын инсандык өнүгүшүн калыптандыруу максатында тегерек стол, жолугушууларды өткөрүү.
   - Мектеп ичинде сабактан тышкаркы маданий иш чараларды, конкурстарды өткөрүү менен окуучулардын өз алдынчалуулугун арттыруу.

2. Жылдык тарбиялык иш план окуучуну эл жерин сүйгөн инсандыкка тарбиялоо, чыгармачыл жөндөмүн өстүрүү, нравалык сапаттарын калыптандыруу , спортко болгон кызыгуусун арттыруу, өнүктүрүү болуп саналат.

   Мектепте 4 комитет иш алып барат:

   - Окуучулук комитет
   - Кыздар комитети
   - Өспүрүмдөр уюму
   - Спорт комитети

Комитеттер тарабынан спорттук мелдештер, дежурстволор, даталуу күндөргө иш чаралар, конкурстар жыл мезгилине жараша пландын негизинде жыл сайын өткөрүлүп, жылына 2 жолу өспүрүмдөр уюму тарабынан «Манас», «Семетей», «Сейтек» кошунуна окуучуларды кабыл алуу жүрөт. Кошундар арасында сборлор өткөрүлөт.
Мисалы : «Жакшы окуп , жакшы жүрүшүм, элиме кошкон үлүшүм» аттуу сбордо 1-5- класстарды кошунга кабыл алуу.
«Мекенди коргоо ыйык милдет» 9-классты «Манас» кошунуна кабыл алуу сбору өткөрүлөт .
«Мугалим күн - ал баарына тегиз тийет» жалпы кошундун сбору
Кыздар комитети «Эрте никеге турууга каршыбыз» акциясы, «Зордук-зомбулукка каршыбыз», «Жакшы кыз жакадагы кундуз» тегерек стол ж.б.
Окуучулук комитети «Акыл ордо» предметтик таймашы «Окуучунун жоопкерчилигин кантип көтөрөбүз?»- деген темада тегерек стол ата- энелер комитети менен бирдикте.
«Ким шамдагай» деген темада класстар арасында эстафеталык таймаш жана жаз,куз айларында окуучуларды сергек жашоого ундо максатында эртен менен ки конугуулорду жасатуу, «Биз таштандыда жашагыбыз келбейт» айлана-чөйрону тазалоо акциясы, «Ак калпактар» күнүнө жүрүш жыл сайын жана 1- октябрь Карылар күнүнө карата «Карысы бардын ырысы бар» деген темада кече өткөрүлөт.
Мектепте класстар боюнча «Тимурчулар» командасы уюштурулган .
Мектепте шефтик көзөмөлгө алынган

1. Кароосуз 3 үй-бүлөө
2. Жалгыз бой 1 үй-бүлөө
3. ДМЧ 2 үй –бүлөө

Жаз-күз мезгилине карата чарбачылыгына көмөк көрсөтүшөт
Мисалы : кол арыктарын тазалашат, кар күрөө, огородторун отургузуу, жыйноо.
Мектепте даярдоо классы менен 21 класс комплект бар, класс жетекчилер ата-энелер менен биргеликте иш алып барышат.
Жуманын 3-күнүндө өз ара текшерүү жүргүзүлүп, линейка өткөрүлүп катыш, кечигүү даталуу күндөр, жаңылыктар боюнча маалымат берилип , жыйынтык чыгарылып турат.

**Спорт оюндары боюнча**

| № | Жылдары | Волейбол | Футбол | эркин күрөш | Ордо |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2017-2018-ж | II орун | - | - | - |
| 2 | 2018-2019-ж | - | - | - | - |
| 1 | 2019-2020-ж | - | II орун | II орун | - |
| 2 | 2020-2021-ж | - | - | I орун | - |
| 3 | 2021-2022-ж | - | - | II орун | - |

**Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары боюнча аткарылган иштер:**

2016-жылы **«Тарых жана маданият»** жылына карата мектепте музей түзүлдү.

2017-жылы **«Ыйман, адеп жана маданият»** жылына карата мектепте окуучуларды ыймандуулукка, адептуулукко тарбиялоо максатында маданий иш чаралар уюштурулду.

2018-жылы **«Региондорду онуктуруу»** жылына карата мектептин музейи кайрадан ремонттон откорулуп, оноп–тузоо, толуктоо иштери жургузулду.

2019-жылы **«Региондорду онуктуруу жана олкону санаприптештируу»** жылына карата мектепте , 1,2-корпусуна интернет орнотулуп, ботаникалык бурч уюштурулду.

2020-жылы **«Аймактарды онуктуруу, олкону санариптештируу жана балдарды колдоо»** жылына карата мектептин айлана-чойросун корктондуруу иштери жургузулуп, бак-дарактардын кочоттору отургузулду.

2021-жылы **«Инсандын руханий адеп-ахлактык онугуусуно жана дене-тарбиясы жонундо» жарлыгынын алкагында** Оспурумдорду китеп окууга тартуу максатында 23-апрель-китеп кунуно карата **«Китеп окуу», «Окурман»** аттуу ачык эшик кунун, мектеп китепканачысы Алыбаева Жумагул уюштуруп, активдуу катышкан ата-энелерге жана окуучуларга грамота сыйлыктарын тапшырды.

2022-жыл **"Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы"** жарлыкка карата план тузулуп, бугунку кундо иш жургузулуп жатат.

Мектептин уюштуруучусу: Каныбек к Айпери